***С.С. Сакиева***

# Башталгыч класста адабиятты окутуунун теориясы жана практикасы

Башталгыч билим берүү - бардык илимдердин атайын билим берүүдөгү башкы фундаменти. Анын мүнөзүн, мазмунун жана формаларын жүргүзүүдө адамдын тагдырынан көп нерселерди аныктоого, келечектеги жашоосуна, личносттук калыптануусунун базасын түзөт. Жалпы башталгыч билим берүүнүн максаты: баланын инсандыгын калыптандыруу, анын интеллектуалдык шыгын өрчүтүү, окуп жаткан билимде эсеп-кысап, окуу жана жазуу ыктарына, о.э. мамлекеттик жана расмий тилдерде сүйлөшө билүү өнөрүнө үйрөтүү.

Башталгыч класстарда адабиятты окутуунун негизги максаты «Кыргыз элинин калыптанып калган салттарына, ар улуттун өз тагдырын өз алдынча калыптануусунун ажырагыс укугуна» негизделиши интеграцияланган курстардын мазмунунда улуттук маданияттын, кыргыз тарыхынын өзчөчөлүктөрүн жана ар түрдүү илимдердин негизин берүү. Эне тили кайсыл тилдеги мектеп болбосун негизги предмет.

Бул тууралуу XX кылымдын улуу педагогу Янош Корчак: «Эне тил-бул бала үчүн атайын ойлоп табылган эрежелер менен үйрөтүү эмес, анын жан дүйнөсүн бардык элдердин жан дүйнөсү менен бирдей акыбалда дем алдырып турган аба» – дейт. Ал эми эне тилин окутуу башталгыч класстарда интеграциялык мүнөзгө ээ. Ал төмөнкү бөлүмдөрдү камтыйт: сабат ачуу жана кеп өстүрүү, адабий окуу, класстан класстан тышкаркы окуу жана кеп өстүрүү, фонетика, грамматика, жазуу эрежелери жана кеп өстүрүү. Бул бөлүмдөрдүн бардыгында тең баланын кебин өстүрүү менен байланыштуу сүйлөөгө үйрөтүү жана туура окуп жазууга, окуунун техни касына (шар, туура, сезимдүү, көркөм, купуя, жарыя) калыптандыруу иштери жүргүзүлөт. Эне тилинде гана бала таалим, тарбия алат. Билүү, үйрөнүү, өз алдынча иштөө, ой жүгүртүү, өзүн-өзү башкаруу, сүйлөө адаттарына калыптанат. Эне тилсиз бала башка предметтерди окууга, жазууга, сүйлөөгө, чийүүгө, тартууга, ырдоого өз жөндөмүн аларга берүүгө жөндөмсүз бойдон кала берет. Ал эми мындай машыгууларды ишке ашырууда эне тили боюнча түзүлгөн ар бир окуулуктун өзүнчө орду, функциясы бар экендигин көрүүгө болот. Алардын ичинен адабий окуунун өзүнчө өзгөчөлүгү бар. Ошондуктан биздин макаланын мазмуну адабиятты окутууга арналмакчы.

Адабиятты окутуунун предмети өзүнүн өнүгүү тарыхында көп өзгөрүүлөргө дуушар болуп, учурда дүйнөлүк окумуштуулардын кызыгууларына, талаш-тартыштарды жаратууда. В.Г. Горецский жарым кылымдын ичинде ал бир нече аталууларга ээ болгондугун белгилеп («Туура», «Отчеттук», «Аң сезимдүү», «Талкуулап», «Чыгармачыл», «Тарбиялап», «Ойлонуп», «Хрестоматиялык», «Адабий көркөм», «Эстетикалык», «Негиздеп», «Жандуу», «Таанып билүү», «Түшүндүрүп» жана башка) аны «Учебное чтение» («Учебное» да «Чтение» да кыргызча которулбагандыктан, аны сөзмө-сөз көчүрүү мүмкүн эмес, анда «Окутуп окуу» болуп калат), ал балдар адабияты деп атоо окуу предметинин өзгөчөлүктөрү болуп чагылдыра тургандыгын белгилеген.

Окуу терминин синонимдерин кийинки кезде жаңы аталышын иштеп чыгуунун аракеттери да көрүлүүдө. Мисал, «Окуу жана адабият» (О.В. Джежелей), ошондой эле Л.Е. Стрельникова, Н. Д. Татарченконун башталгыч мектепте адабий билим программасынын долбоору сунуш кылынды.

Ушундай өзгөрүүлөр, толуктоолор, кыргыз башталгыч класстар үчүн түзүлгөн адабий окуу китептерине да тиешелүү экендиги маалым. Баарыбызга белгилүү болгондой, буга чейин бул окуулук түрдүүчө аталып келген. Өткөн кылымдын 20-30-жылдарында, б.а. К.Тыныстанов түзгөн окуулуктардан баштап «Окуу китеби», 50-90-жылдары «Эне тили», 90-жылдардан баштап «Адабий окуу» деп атала баштады. Окуулуктун түзүлүшүнүн калыптанышы, өнүгүшү, түптөлүшү бир кылымга жакын убакытты басып өттү. Ошондуктан адабиятты окутуунун теориялык жана практикалык жактан калыптанышын үч этап менен кароого болот. Аларды төмөндөгүдөй бөлүштүрүүгө болот.

Биринчи этабына алгачкы түзүлгөн «Окуу китебин» түзүүчү К. Тыныстановдун эмгектерин, иш-аракеттерин атоого болот. К.Тыныстанов окуу китептерин түзүүгө 1924-жылдан тартып кирише баштаган. Анын эң алгачкы «Окуу китеби» биринчи баскыч

мектептерге арналган. 1924-жылы Ташкентте 5000 нуска менен жарык көрөт. Китеп араб тамгасында жазылып, жалпы көлөмү 97 бетти түзөт. Бул биринчи китебине грамматикалык жактан эч кандай маалымат берилбей, ал хрестоматиялык мүнөздө болгон. «Окуу китеби» балдардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайыкталып, ага тарбиялык маанидеги аңгеме, жомок, чакан тексттер, табышмак жана ырлар кирген. Мисалы: «Абыл, Абылдын мектепке барганы. Кантип котур болушту? Котурдан кантип кутулушу? Бала менен чымчык (бул түрдөгү поэма). Келте. Мектепте балдар тартиби. Калпычы. Ууру. Ынтымак. Кичинекей акылман. Сонун үйдүн чечүүсү. Бөбөк терметкенде. Алдар Көсө менен шайтан (жомок). Жаман жолдош. Кичинекей баатыр. Кайран эл» ж.б.у.с. Ар кандай темадагы чакан бөлүмдөр:

1. Адам тууралуу.
2. Куштар.
3. Алдаяр.
4. Күлкүлөр.
5. Ой менен чыгара турган эсептер.
6. Интернационал.

Андан кийин мезгилдер (жаз, жай, күз, кыш) башкабөлүмдөрүндө ар бир мезгилге карата мисалы, «Жаз» деген бөлүмдө «Жайлоодо», «Чагылган» ж.б.у.с. кыска-кыска аңгемелер, тексттер берилген да, ар бир мезгилдин аягында ал тексттерден кийин 7-8 ден суроолор жазылган. Китептин аягында берилген материалдардын катасы, дурусунун бети, жолдору көрсөтүлгөн тиркеме берилген.

Китептин сөз башында «Жоктон бар артык» дегендей, кур алакан отурган мектебибизди соорото туралы дедик. Көч жүрө-жүрө түзөлөт, биз дагы жүрө-жүрө мектеп куралдарыбызды дурустап кетээрбиз деген тилегин айткан. Окуу китебинин жазылыш максаты, кимге багытталгандыгы анын сапат деңгээли жөнүндө таамай айтып, мектеп окуучулары үчүн окуу китебин түзүүчүлөрдүн алдына келечектүү мүдөө коюуга аракет кылат. Бул окуулуктун түзүлүшү автор өзү белгилегендей, жаңыдан алгачкы окуу китебинин пайдубалын куруучу, эне тили окуу китебине чыйыр салуучу катарында бааланып келүүдө.

Экинчи этабына 50-90-жылдардагы өнүгүүсүн атоого болот. Бул этаптагы адабиятты окутуунун калыптанышы илимий-теориялык, практикалык жагынан өсүү деңгээлине жетти деп айтууга болот. Себеби, 50-жылдардын аягы, 60-жылдардын башталышында түшүндүрүп окуунун методикасы, анын баланын оозеки жана жазуу кебин өнүктүрүүнүн булактарын изилдөөнүн методикасына арналган эмгектер С.Турусбековдун изилдөөлөрү аркылуу ишке ашырылды. Түшүндүрүп окуунун методикасы боюнча алгачкы жолку кандидаттык диссертация С.Турусбеков тарабынан корголду (1962). Бул илимий эмгектин корголушу адабиятты окутуу методикасында ири бурулуштарды жасады деп айтууга болот. Ушул эмгектен кийин «Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы» (1965) деген чоң фундаменталдык эмгек жарык көрдү. Эмгекте «Окуунун методикасы» деген өзүнчө чоң бөлүм иштелип чыгылды. Бөлүмдө ырларды жана кара сөз түрүндөгү чыгармаларды окутуу теориялык жана практикалык жагынан иштелген.

Жогорудагы эмгектердин өркүндөтүүнү максат кылууну көздөгөн методикалык колдонмолор жарык көрдү. Атап айтканда, эне тилин окуу китебинин ар бир класс боюнча түзүлгөн методикалык колдонмолору, аларга карата практикалык сабактардын иштелмелери сунуш кылынган. Жалпысынан алганда, экинчи этаптагы окуунун методикасына арналган эмгектерди өнүктүрүүдө С.Турусбековдун эмгеги чоң экендигин баса белгилөөгө болот.

Үчүнчү этабынын өнүгүшү 90-жылдардын башталышына таандык. Адабиятты окутуунун методикасына арналган С.Сакиеванын, А.Токтомаметовдун кандидаттык диссертациялары корголду. Бул изилдөөлөрдүн ичинен А.Токтомаметовдун адабий окуунун дидактикалык принциптерине арналган эмгегин бөлүп көрсөтүүгө болот. Адабиятты окутуунун методикасында мындай эмгектердин жаралышы ири бурулуш жасады. Адабий окуу китебинин түзүлүшүнүн теориялык жана практикалык негиздери иштелип чыгылып, натыйжада 2-4-класстар үчүн жаңы моделдеги адабий окууларын түзүүгө мүмкүнчүлүк алынды. Окуулуктун адабий окуу деп аталышынын өзү эле көп нерсени талап кылаары талашсыз. Адабий окуу педагогика илиминде жана практикада эки мааниде колдонулат:1.Окутуунун методу. 2.Адабият предметин тереңдетип окутуунун алгачкы

баскычы (М.И.Омороковаж.б.). Ошону менен бирге аны окутуунун системасы төмөнкү концептуалдык эрежелерден турат: баланын личносттук калыптануусун өнүктүрүү, жалпы маданиятын жана интеллектуалдуулугун, китеп окурмандыгын, окуу ишмердүүлүгүнүн компоненттерин калыптандыруу. Адабий окуу эки этап боюнча жүргүзүлөт.

1. Алгачкы этабында (1-2-класс) тематикалык жана жанрдык-тематикалык принциптер колдонулат (балдар фольклору, ырлар, жомоктор).
2. Негизги этабында (3-4-класс) көркөмдүк-эстетикалык принцип башкы ролду ойнойт (В. Г. Горецкий, М. И. Оморокова, О. В. Джежелей, А.Токтомаметов ж.б).

Адабий окууда төмөнкү принциптер сакталган:

1. Көркөмдүк-эстетикалык принцип (классикалык чыгармалар, балдар адабиятынын мыкты үлгүлөрү, элдик оозеки чыгармалар, чет элдик балдар жазуучулардын чыгармалары).
2. Жанрдык жана автордук принципте баланын эстетикалык табиятын тарбиялоочу бир эле автордун түрдүү жанрдагы чыгармалары, бир топ авторлордун чыгармалары (салыштыруу жумуштары) жүргүзүлөт.
3. Эмоционалдык-эстетикалык принцип (жаңыдан китеп окурмандыгы калыптана баштаган окурмандвн эмоционалдык сезүү сферасын, адамдын эмоциясын, сезимин чагылдыруучу чыгармалар).
4. Системалуулук принциби (окутуу, тарбиялоо, өнүктүрүү).
5. Жеткиликтүүлүк принциби (адабий окуунун башка предметтер, б.а. кыргыз тили, мекен таануу, музыка сүрөт искусствосу менен болгон байланышы).
6. Адабийлүүлүк принциби (көркөм чыгармалардын принцибин анализдөө).

Адабий окуунун түзүлүш курамы. «Эне тилинен» бир топ айырмалангандыгын байкоого болот «Эне тили» окуу китептери жалпысынан «идеологиялаштырууга» өзгөчө маани берилип, алар менен иштөө бир топ убакытты талап кылды. Эне тили окуу китебинин негизги максаты-баланын туура, шар, сезимдүү, көркөм окуусуна багытталып, окуу материалдарынын берилиши да ушул максат менен ишке ашырылып келген. Ал эми адабий окуунун түзүлүшүндө мындай иш-аракеттер бир топ өркүндөтүлүп, анда окутуунун инновациялык методдоруна багыт алгандыгын көрүүгө болот. Адабий окуунун түзүлүшүндө автор окуучунун окурмандыгын, ишмердүүлүгүн өнүктүрүү багытын тандап алгандыгын белгилөөгө болот. Адабий окуу окуучулардын туура, сезимдүү окуп, окуганын кайра айтып берүүсү, алардын окуганындагы негизги ойду бөлүп көрсөтүп, өз алдынча чыгарма жаратып окуп талдоого алган текст менен жаңы чыгарманын ортосундагы байланышты ача билүүсүнө жетиштирүүнү өзүнө алат. Окуу предметинин адабий окуу деп аталышы да мына ушуга негиздейт, б.а. окуу предмети мурдагыдан айырмаланып, анын адабийлүүлүгү күчөтүлгөн. Анткени, ар кандай чыгарманы кабыл алуу- бул биргелешкен чыгармачылык, автор менен окурманын биргелешкен чыгармачылыгы (М.И. Бахтин), ал эми сабак процессинде талдоого алуу- мугалим менен окуучунун биргелешкен орток чыгармачылыгы (Г. Н. Кудина) болсо, образдарды, каармандарды үлгүсүз кабыл алуу (айрыкча жомокторду оозеки угууда)-чыгармачылык (Л.С.Выготский).

Мына ушундай максатты көздөгөн адабий окуу учурда башталгыч класстын ар бир окуучусуна жеткирилип, окуу процессинде активдүү окутулууда. Бирок ошондой болсо да, адабий окуунун мазмунун ачып, аны толуктап туруучу куралдары жетишсиз экендигин белгилөөгө болот. Алар төмөнкүлөр:

1. Адабиятты окутуунун теориялык жана практикалык жактан негиздөөгө арналган эмгекти иштеп чыгуу.
2. Адабиятты окутуунун методикасын иштеп чыгуу (ырларды, элдик оозеки чыгармаларды окутуунун өзгөчөлүгү боюнча).
3. Адабиятты окутууну инновациялык метод менен окутуунун жолдору.
4. Адабиятты окутуудагы окуучунун чыгармачылыгын өнүктүрүүнүн жолдорун иштеп чыгуу.

**Адабияттар**

1. И.Бекбоев Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. -Б., 2003.
2. В.Г. Горецкий Теоретические основы и содержание курса учебного чтения в начальных классах// Начальная школа.-1998, №1,-стр. 9-11.
3. Я.Корчак .Педагогическая наследия. -М, Просвеүение, 1990.
4. М.И.Оморокова Совершенствовании чтения младших школьников. –М.: 1999.
5. Русский язык в начальных классах. Теория и практика обучения. - М.: 1998.
6. С.Турусбеков., Э.Бердибаев., Б.Рысбекова., К.Сартбаев Баштаалгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы. -Ф.:1965.
7. Сакиева С.С.Башталгыч класстарда эне тилин окутуунун теориялык жана практикалык негиздери.-Бишкек,Бийиктик, 2005
8. А.Токтомаметов. Адабий окуу. 2-класс. –Б.: 2001; Адабий окуу. 3-класс. -Б.: 2001; Адабий окуу. 4-класс.-Б.: 2002.
9. Башталгыч класстардын программалары. - Б.: 2000, 2002, 2004, 2006.